Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешинин
№1 токтомунан көчүрмө

13-сентябрь 2021-жыл Чолок – Кайың айылы

Педагогикалык кеңештин төрайымы – Кенеева Г.
Катчы – Артыков У.
Катышкандар – 44
Катышкан жок – 3
Себептүү – 2
Себепсиз – 0

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Педагогдордун жана техникалык кызматкерлердин ишке болгон мамилеси жана жүрүм – турум эрежелерин сактоо боюнча этикалык комиссиясын түзүү

УГУЛДУ: Мектеп директору Г. Кенеева. Мектепте педагогдор жана кенже кызматкерлердин жүрүм турум эрежелери, өзүн алып жүрүүсү жана функционалдык милдеттери " Мугалимдин профессионалдык этикасынын кодекси", " Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары", " Эмгек Кодекси", " Балдардын конвенциясы", "Мектептин Уставы", "Мугалимдин статусу" менен иш алып барылат.

- Мугалимдер арасында эикалык комиссия түзүү талапка ылайык. Бул комиссия этикалык ченемдер бузулган учурда жана жеке кайрылуулардын негизинде иш жүргүзүлөт.
- Мугалимдин этикалык кодекси боюнча кенири маалымат берилди.
- Педагогикалык кенештин мүчөлөрү тарабынан комиссия курамын түзүү боюнча сунуш – пикирлер айтылды.

**Жогорудагыларды белгилеп, күн тартибиндеги маселелер боюнча мектептин педагогикалык кенеши ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин Этика комиссиясынын курамы төмөндөгүлөрдөн түзүлсүн: Этика комиссиясынын төрайымы – К. Разакулова. Мүчөлөрүнө: Ж. Касымова – кесиптик бирликтин төрайымы, А. Эсенгулова – жаштар уюмунун төрайымы, Т. Кулмурзаева – башкы ашпозчу.
2. Жогорудагы этика комиссиясынын курамы, мүчөлөрү бир добуштан бекитилсин.
3. Комиссия курамына педагогдордун жана техникалык кызматкерлердин ишке болгон мамилеси жана жүрум – турум эрежелерин сактоо боюнча калыс чечим чыгаруу жагы милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектеп директору Г. Кенеевага милдеттендирилсин.

Педагогикалык кеңештин төрайымы: Г. Кенеева

Педагогикалык кеңештин катчысы: У. Артыков

**АК-ТАЛАА РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**БЕРДАЛЫ КАЛЕНДЕРОВ**
**АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ**

инд. 722515
Чолок-Кайың айылы
Көчөк көчөсү №20
тел, факс:
ИНН:01711200410145

**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

**СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ**
**БЕРДАЛЫ КАЛЕНДЕРОВА**

инд. 722515
Чолок-Кайың айылы
Көчөк көчөсү №20
тел, факс:
ИНН:01711200410145

---

БУЙРУК
ПРИКАЗ

13-сентябрь. 2021-жыл № 22 Чолок – Кайың айылы

Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин этикалык комиссиясынын курамын түзүү жана бекитүү жөнүндө

Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин № 1 педагогикалык кеңештинин (13.09. 2021-жыл) чечиминин негизинде педагогдордун жана техникалык кызматкерлердин ишке болгон мамилеси жана жүрүм-турум эрежелерин сактоо боюнча буйрук кылам:

1. Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин этика комиссиясы төмөндөгүдөйкурамда түзүлсүн:

   Этика комиссиясынын төрайымы – К. Разакулова

   Мүчөлөрү:

   1. Касымова Ж – кесиптик бирликтин төрайымы
   2. Эсенгулова А – жаштар уюмунун мүчөсү
   3. Кулмурзаева Т – башкы ашпозчу

2. 13-сентябрь 2021-жылдын №1 педагогикалык кеңештин чечими менен жогорудагы этика комиссиясынын курамы, мүчөлөрү бир добуштан бекитилсин.
3. Комиссия курамына педагогдордун жана техникалык кызматкерлердин ишке болгон мамилеси жана жүрүм – турум эрежелерин сактоо боюнча калыс чечим чыгаруу жагы милдеттендирилсин.
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Убактылуу директордун милдетин аткаруучу Г. Кенеева